4. Мамытов К. Тил тааануу негиздери. – Бишкек: КУУ басмасы, 2010. – 200 б.
5. Өмүркулов Т. Кыргыз тилинин морфологиясы: окуу китеби. – Бишкек: Билим, 2015. – 280 б.
6. Уметов К. К. Немис жана кыргыз тилдеринде сан атоочтордун жасалышы жөнүндө // К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин жарчысы. – 2024. – № 3 (70). – 82–86-б.
7. Aarts B. Oxford Modern English Grammar. – Oxford: Oxford University Press, 2011. – 432 p.
8. Comrie B. Language Universals and Linguistic Typology: Syntax and Morphology. – 2nd ed. – Chicago: University of Chicago Press, 1989. – 275 p.
9. Creswell J. W. Research Design: Qualitative, Quantitative, and Mixed Methods Approaches. – Thousand Oaks, CA: SAGE Publications, 2014.
10. Croft W. Typology and Universals. – 2nd ed. – Cambridge: Cambridge University Press, 2003.
11. Greenbaum S., Quirk R. A Student's Grammar of the English Language. – London: Longman, 1990.
12. Huddleston R., Pullum G. K. The Cambridge Grammar of the English Language. – Cambridge: Cambridge University Press, 2002. – xvii, 1842 p.
13. Haspelmath M. Comparative concepts and descriptive categories in crosslinguistic studies // Linguistic Typology. – 2010. – Vol. 14, № 2–3. – P. 663–687.
14. Larsen-Freeman D. Techniques and Principles in Language Teaching. – 2nd ed. – Oxford: Oxford University Press, 2000.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты Уметов К.К.

УДК 811.512.81.632.5
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-77-82

Бешкемпирова А.И.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Бешкемпирова А.И.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Beshkempirova A.I.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID ID 0009-0004-1123-6964

ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК СТИЛИСТИКА ЖАНА УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМ: Ж. ЧЫМАНОВДУН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДАГЫ ЖАҢЫЧЫЛДЫГЫ
ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКАЯ СТИЛИСТИКА И НАЦИОНАЛЬНОЕ САМОСОЗНАНИЕ: НОВАТОРСТВО Ж. ЧЫМАНОВА В ПРЕПОДАВАНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
ETHNOPEDAGOGICAL STYLISTICS AND NATIONAL CONSCIOUSNESS: J. CHYMANOV'S INNOVATIONS IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала Ж. Чымановдун «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы» эмгегиндеги этнопедагогикалык стилистиканын негизги принциптерин жана улуттук аң-сезимди калыптандыруудагы ролун илимий-теориялык жактан талдоого алат. Изилдөөнүн негизги максаты – Ж. Чымановдун эне тилди жөн гана академиялык предмет катары эмес, улуттук рухту, коомдук адеп-ахлакты жана инсандын сапаттык касиеттерин калыптандыруучу комплекстүү педагогикалык процесс катары аныктаган жаңычыл концепциясын көрсөтүү. Макалада Ж. Чымановдун окутууну билим, тарбия жана өнүктүрүүнүн биримдиги катары аныктаган концепциясы, ошондой эле ББК (билим, билгичтик, көндүм) түшүнүктөрүн турмуштук кырдаалдарга (саламдашуу, куттуктоо) интеграциялоосу каралат. Анын башкы жаңычылдыгы – этнопедагогикалык стилистиканы

(кеп адеби) окутуунун өзөгүнө айландырып, «сиз» категориясын сый категориясы катары, ал эми фольклордук материалдарды (макал-лакап, манасчылык кеп) стилистикалык эталон катары киргизгендиги баса белгиленет. Чымановдун сабак ыкмасы окуучуну активдүү субъект катары карап, анын турмуштук көндүмдөрүн жана маданий компетенциясын өнүктүрүүгө багытталган.

Аннотация: В данной статье проводится научно-теоретический анализ основных принципов этнопедагогической стилистики и её роли в формировании национального самосознания, представленных в труде Ж. Чыманова «Методология преподавания кыргызского языка как родного». Основная цель исследования – выявить новаторскую концепцию Ж. Чыманова, который рассматривает родной язык не просто как академическую дисциплину, а как комплексный педагогический процесс, формирующий национальный дух, общественную нравственность и качественные характеристики личности. В статье рассматривается авторская концепция Ж. Чыманова, определяющая обучение как единство образования, воспитания и развития, а также его подход к интеграции компонентов ЗУН (знания, умения, навыки) в реальные жизненные ситуации (приветствие, поздравление). Особое внимание уделяется его основному нововведению – превращению этнопедагогической стилистики (культуры речи) в ядро учебного процесса, введению категории «сиз» как формы уважительного обращения, а также использованию фольклорных материалов (пословиц, поговорок, речи манасчы) в качестве стилистического эталона. Методика преподавания Чыманова ориентирована на рассмотрение ученика как активного субъекта и направлена на развитие его жизненных компетенций и культурной грамотности.

Abstract: This article presents a scholarly and theoretical analysis of the key principles of ethnopedagogical stylistics and its role in shaping national consciousness, as outlined in J. Chymanov's work "Methodology of Teaching the Kyrgyz Language as a Native Language." The primary aim of the study is to identify J. Chymanov's innovative concept, in which the native language is viewed not merely as an academic subject but as a comprehensive pedagogical process that cultivates national spirit, social ethics, and essential personal qualities. The article examines Chymanov's conceptualization of teaching as the unity of education, upbringing, and development, as well as his approach to integrating the components of KSA (knowledge, skills, abilities) into real-life communicative situations, such as greetings and congratulatory expressions. Special attention is given to his major innovation — establishing ethnopedagogical stylistics (speech etiquette and culture of speech) as the core of the teaching process, introducing the respectful form "siz" as a cultural category, and employing folklore materials (proverbs, sayings, and manaschy speech) as stylistic models. Chymanov's teaching methodology positions the learner as an active participant and is aimed at developing practical life competencies and cultural literacy.

Негизги сөздөр: этнопедагогикалык стилистика; улуттук аң-сезим; кеп адеби; методикалык жаңычылдык; ББК (билим, билгичтик, көндүм); стилистикалык эталон; коммуникативдик компетенттүүлүк; фольклордук материалдар.

Ключевые слова: этнопедагогическая стилистика; национальное самосознание; речевой этикет; методическое новаторство; ЗУН (знания, умения, навыки); стилистический эталон; коммуникативная компетентность; фольклорные материалы.

Keywords: ethnopedagogical stylistics; national consciousness; speech etiquette; methodological innovation; KSA (knowledge, skills, abilities); stylistic model; communicative competence; folklore materials.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы педагогикалык илимдердин маанилүү тармагы болуп саналат жана окуучулардын кептик компетенциясын, ой жүгүртүүсүн, коммуникативдик жөндөмдөрүн илимий-педагогикалык негизде өнүктүрүүгө багытталат. Бирок тилди жөн гана академиялык предмет катары үйрөтүү менен чектелүү учурдагы билим берүү практикасы үчүн жетишсиз. Тилди улуттук маданияттын, руханий мурастын жана коомдук баалуулуктардын өзөгү катары окутуу маселеси дайыма актуалдуу бойдон калууда. Ушул жаатта Жеңишбек Чымановдун «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы» эмгеги кыргыз тилин окутууга

багытталган инновациялык жана комплекстүү методикалык системанын негизги материалы болуп саналат.

Автордун методикасы этнопедагогикалык стилистиканы активдүү колдонуу аркылуу окуучуларды тилди гана үйрөнгөн эмес, аны өз жашоосунда колдонуп, улуттук аң-сезимин калыптандырган, маданий жана социалдык компетенцияга ээ болгон инсан катары тарбиялоого багытталган. Анын жаңычылдыгы тилди окутуунун философиялык жана психолингвистикалык негизин аныктап, аны практикалык сабактарга интеграциялоо аркылуу этнопедагогикалык стилистиканы окутуунун өзөгүнө айландырууда көрүнөт. Бул макалада Ж. Чымановдун кыргыз тилин окутуудагы жетишкендиктери, анын улуттук аң-сезимди жана кеп адебин калыптандыруудагы методикалык ыкмалары илимий-теориялык жактан талданат [1].

Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын бардык билим берүү мекемелеринде милдеттүү түрдө окутулуучу предмет катары кабыл алынган жана ал жалпы кесиптик жана адистик билим берүүнүн да негизги каражаты болуп саналат. Мындай абал тил окутуунун мазмунуна, методикасына жана окуучуларды тарбиялоо стратегиясына болгон талаптарды олуттуу жогорулатат. Ааламдашуу доорунда ар бир элдин өзүнө тиешелүү тилдик жана маданий баалуулуктарын сактап калуу жана кийинки муунга өткөрүп берүү өтө маанилүү. Ж. Чымановдун методикасы тилди улуттук менталитетти жана маданий кодду туюндуруучу каражат катары кароо менен анын актуалдуулугун арттырат.

Макалада ал тарабынан сунушталган методиканын мазмуну жана аны кыргыз тилин окутууга киргизүүдөгү этнопедагогикалык стилистиканын жаңычылдыктары каралат. Изилдөөнүн негизги максаты – бул ыкмалардын окуучулардын улуттук аң-сезимин, маданий сезимталдыгын жана кептик этикетин калыптандыруудагы ордун ачып көрсөтүү. Бул максатты ишке ашыруу үчүн бир катар милдеттер алдыга коюлду. Автордун эмгегиндеги өзгөчө натыйжалуу булактарды белгилеп, анда кездешкен ийгиликтүү жана практикалык жактан баалуулукка ээ элементтерге токтолуп өтүү ылайык көрүлдү. Биринчиден, окутуу процессинде билим, билгичтик жана көндүм категорияларынын маанисин тактоо; экинчиден, саламдашуу, «сиз» деп кайрылуу өңдүү этнопедагогикалык стилистиканын элементтеринин өзгөчөлүктөрүн талдоо; үчүнчүдөн, макал-лакаптар менен акылман сөздөрдүн дидактикалык функциясын аныктоо; төртүнчүдөн, Ж. Чыманов иштеп чыккан ачык сабак планы сыяктуу методикалык формалардын түзүлүшүн жана практикалык багыттарын изилдөө.

Автордун эмгегинде тил үйрөтүү кадимки академиялык сабак катары эмес, окуучулардын жашоо-тиричиликтеги жана социалдык муктаждыктарына жооп берген комплекстүү педагогикалык система катары түшүндүрүлөт. Иште өзгөчө саламдашуу, коштошуу, куттуктоо өңдүү кептик ишмердиктин түрлөрүн окутууга басым жасалат. Мындай ыкма окуучулардын турмушка даярдыгын арттырып, алардын маданий жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен бирге улуттук аң-сезимин өнүктүрүүдө жогорку натыйжа берет.

Өзүнүн эмгегинде Ж. Чыманов башка окумуштуулардын көз караштарын талдап, эне тилди окутууну теория менен практиканын биримдигинде караган [6]. Ал В. И. Лениндин таанып-билүүнүн практика менен тыгыз байланышы жөнүндөгү көз карашына, Л. С. Выготскийдин ой жүгүртүү жана түшүнүктөр аркылуу үйрөнүү тууралуу идеяларына, И. И. Срезневскийдин эне тилдин руханий-маданий мааниси жөнүндөгү пикирлерине кайрылган [6]. Ошондой эле Э. Мамбетакунов менен Т. Сияевдин педагогикалык көз караштарын [3; 4], С. Л. Вигман жана В. Г. Крыськонун окутуунун формалары, методдору жана каражаттары жөнүндөгү пикирлерин талдоого алган [6; 2]. Натыйжада Ж. Чыманов бул идеяларды интеграциялап, эне тилди үйрөтүүнүн системалуу, практикалык жана маданий жактан маанилүү методикасын сунуштаган.

Ал окутууну «белгилүү бир билимге, билгичтикке жана көндүмдөргө ээ болууга, чыгармачылык жөндөмүн, дүйнө таанымын, көз карашын, ишенимдерин өнүктүрүүгө багытталган» педагогикалык процесс катары карайт [6]. Окутууну билим берүүнүн, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн биримдиги катары аныктоо менен тил сабагынын тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк функцияларын жогорулатат. Башкача айтканда, кыргыз тили сабагы — жөн гана грамматикалык эрежелердин жыйындысы эмес, инсандын сапаттарын калыптандыруучу педагогикалык процесс катары аныкталат.

Автор ББК (билим, билгичтик, көндүм) түшүнүктөрүн бири-бири менен ажырагыс, тутумдук компоненттер экендигин баса белгилеп, ар бирине так аныктама берет.

- Билим: Объективдүү чындыкты таанып-билүүнүн жыйынтыгы.

- Билгичтик: Алынган билимге таянып, теориялык жана практикалык иш-аракеттерди аң-сезимдүү жасай алуу мүмкүнчүлүгү.

- Көндүм: Керектүү иш-аракеттерди автоматтык түрдө жасай алууга жетишүү (адатка айландыруу) [6, 48-49-б.].

Бул үч түшүнүктү бирдиктүү тутум катары кароосу окутуунун табиятын туура түшүндүрүүгө багытталган. Ал окутуунун динамикалуу, өзгөрүлмө мүнөзгө ээ экендигин, педагогика, психология жана лингвистика сыяктуу илимдердин өнүгүшү менен тыгыз байланышта болорун белгилейт. Ошондой эле, окутуу процессинин ийгилиги билим, билгичтик, көндүм үчилтигинин тең салмакта иштешине таянарын көрсөтөт.

Саламдашуу мисалында бул принциптердин практикалык мааниси так жана айкын далилденген. Окуучу адегенде саламдашуунун мазмунун жана анын социалдык функциясын түшүнөт (билим), андан соң кырдаалга жараша туура сөз формаларын тандай алат (билгичтик), акырында салам айтууну күнүмдүк адатка айландырганда гана (көндүм) окутуунун максаты толук ишке ашкан деп эсептелет. Мындай ыкма тил сабагын турмуштук багыттагы окуу предметине айландырып, окуучунун улуттук аң-сезимин жана маданий жүрүм-турум нормаларын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Этнопедагогикалык стилистика сунушталган методиканын өзөктүк негизин түзөт. Бул ыкманын башкы жетишкендиги — кеп адебин жана улуттук этикетти окутуунун негизги мазмунуна айланта алышында.

Сөздү улуттук менталитетти, адептик жана эстетикалык баалуулуктарды чагылдыруучу каражат катары колдонуу окутуунун мазмунун байытат. Автор азыркы дидактиканын «окутуунун маңызы болуп сүйлөшүү эсептелет» [6, 50–55-б.] деген жаңы көз карашын кабыл алып, аны кыргыз тилине ылайыкташтырат.

Сүйлөшүүнү инсандык коммуникациянын гана эмес, адамдын жашоосунун жана биргелешкен иш-аракеттеринин зарыл компоненти катары аныктайт. Бул тил сабагын окуучунун турмушундагы эң негизги керектөөгө, башкача айтканда, зарылдыкка айландырат. Саламдашууну жөнөкөй кептик бирдик эмес, улуттук жана жалпы адамзаттык улуу салт катары карап, окуучуга тил аркылуу маданий кодду жана этикетти үйрөтөт. “Сиз” деп кайрылуу эрежеси улууга сый көрсөтүүнүн жана коомдук этикеттин негизи катары окутууга киргизилет. «Салам» сөзүнүн маанисин турмуштук жактан чечмелөө аркылуу окуучуга сөздүн түпкү маңызын жеткирет.

«Арыбаңыз» жана «Бар болуңуз» сыяктуу байыркы кыргызча учурашууларды кайра колдонууга чакыруу тилдик эс-тутумду калыбына келтирүү аракети болуп саналат. Улууга кичүү, жалгызга көп, атчанга жөө, үстүнкүгө астыңкы адам биринчи салам айтышы керек деген этнопедагогикалык нормаларды так системага салып, окутуунун мазмунуна милдеттүү түрдө киргизет. Ата-энеге, улууларга «сиз» деп кайрылуу маселесин талкууга алып, аны окуучулардын улуттук аң-сезимине сиңирүү Ж. Чымановдун эң чоң тарбиялык жетишкендиги катары бааланат. Саламдашууну жөн гана этикеттик сөз эмес, адамдын маданиятын, улуттук дүйнөтаанымын, коомдук мамилесин жана социалдык статусун чагылдырган кептик-этномаданий көрүнүш катары көрсөтөт. Ошондуктан бул көрүнүштү окутуу тил үйрөтүүнүн формалдуу бөлүгү эмес, этнопедагогикалык процесстин маанилүү курамы катары бааланат. Саламдашууга төмөнкүдөй функциялар таандык экенин баса белгилейт: социалдык сигнал берүү, маектештин ким экенин алдын ала туюндуруу, маданияттык деңгээлди билдирүү, пикир алмашууга жол ачуу жана элдин турмуш шартын, дүйнөтаанымын, менталитетин чагылдыруу. Ар кайсы элдердин саламдашуу формалары аркылуу алардын тарыхы, жашоо образы жана социалдык мамилеси көрүнө турганы да мисалдар менен негизделет. Окуучуга саламдашуу жөнүндөгү билимди берүү жетиштүү эмес. Аны турмуштук шартта туура жана автоматтык түрдө колдонуу маанилүү экени белгиленет. Билим — маалымат алуу, билгичтик — кырдаалга жараша колдонуу, көндүм — адатка айлантуу деңгээлдери толук ишке ашканда гана окутуу максатына жетет.

Демек, саламдашуу тил сабагын турмуштук-коммуникативдик предметке айландырууга мүмкүндүк берип, окуучунун маданияттуу жүрүм-турумун жана улуттук аң-сезимин калыптандырууда чоң роль ойнойт.

Ал эми «сен» деп кайрылууну осолдук, оройлук, сыйлабагандык катары баалоо менен, сый категориясын окуучунун аң-сезимине моралдык милдет катары бекитет. Бул аркылуу окуучу кептик этикетти өздөштүрүү менен бирге кичипейилдүүлүккө, маданияттуулукка тарбияланат.

Ж. Чымановдун ачык сабактын үлгүсүн сунушташы методиканын турмушка жана практикага багытталганын көрсөтөт. Сабактын адабият, тарых, этнопедагогика менен байланышын көрсөтүү тилди комплекстүү илим катары окутуунун үлгүсү болуп саналат. Мугалимдин уюштуруучу жана багыт берүүчү гана ролду аткарып, окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө (макалдарды талдоо, куттуктоо жазууну оңдоо) басым жасоосу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирет.

Окуучу «Сабагың жакшы болсун» деген сөздү колдонгондо, автор аны «ийгиликтүү болсун» же «өнүгүп-өссүн» деген сыяктуу мааниси бай, конкреттүү сөздөр менен алмаштырууну сунуштайт. Жөнөкөй, жалпыланган сөздөрдү синонимдер аркылуу алмаштыруу кеп маданиятын жогорулатуунун жана ойду тактоонун жолу экенин белгилейт [5].

Куттуктоо текстинде бир маанидеги каалоолорду кайра-кайра кайталоо туура эмес экендигин мисалдар аркылуу далилдейт. Мисалы, окуучунун куттуктоосу: «Туулган күнүң менен! Сага бекем ден соолук, бактылуу өмүр, ишиңе ийгилик, үй-бүлөңө тынчтык каалайм. Ар дайым жүзүңдөн жылмаюу кетпесин жана дагы бир жолу ден соолук каалайм».

Бул мисалда «ден соолук» сөзү биринчи каалоодо берилген соң, аны экинчи жолу кайра кайталап каалоо стилистикалык ката болуп саналат. Куттуктоодо ар башка жана кошумча баалуулуктарды каалоо керек экендигин, кептеги ашыкча кайталоодон (тавтологиядан) жана сөздүн чабалдыгынан арылууга, ошондой эле логикалык жактан ырааттуу куттуктоо жазууга үйрөтүү этнопедагогикалык стилистиканын негизги талабы экенин түшүндүрөт. Бул окуучуну стилистикалык жактан сабаттуулукка жана ойду так берүүгө үйрөтөт.

Ж. Чымановдун кыргыз тилин окутуу методикасына кошкон салымы анын улуттук аң-сезимди калыптандырууга жана этнопедагогикалык стилистиканы окуу процессине интеграциялоого багытталган жаңычыл идеяларында көрүнөт. Алар:

1. Кыргыз тилин окутууну билим, тарбия жана өнүктүрүүнүн ажырагыс биримдиги деп аныктаган.
2. Саламдашуу маданиятын, «сиз» деп кайрылуунун эрежелерин жана маанисин окутуунун милдеттүү мазмунуна айландырган.
3. Билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү турмуштук кырдаалдарда (учурашуу, коштошуу, куттуктоо) колдонуу аркылуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулаткан.

Фольклордук материалдар, макал-лакаптар жана манасчылык өнөр окуучунун ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү, сөздүн эстетикалык табиятын ачкан жана улуттук аң-сезимин калыптандыруучу дидактикалык каражат катары колдонулат. Макал-лакаптар этикалык код, жомоктор тарбиялык алгоритм, манасчылык сөз маданияты стилистикалык эталон, ал эми салттуу сүйлөө формалары улуттук тилдин өзөгү катары окуу процессине киргизилет.

Сунушталган сабак ыкмасы окуучуну активдүү субъект катары карап, мугалимди багыт берүүчү ролдо гана көрсөтөт. Сабактын этаптары төмөнкүлөрдү камтыйт: угуунун маданиятына багытталган мотивация, этномаданий текст менен таанышуу жана талдоо, улуттук стилистикалык нормаларды үйрөтүү, сөз багуу жана таамай сүйлөө көнүгүүлөрү, макалдарды жана куттуктоолорду талдоо, улуттук баалуулукка байланышкан жыйынтык чыгаруу. Бул ыкма окуучунун таанып-билүүсүн активдештирип, турмуштук көндүмдөрдү жана маданий компетенцияны өнүктүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, Ж. Чымановдун аталган эмгеги кыргыз тилин окутуунун бир катар жаңычылдыктарын көрсөтөт. Методикада этнопедагогикалык принциптер колдонулуп, окуучуларга улуттук салттарды, маданий баалуулуктарды жана сөз этикетин үйрөтүүгө багытталган. Ошондой эле

психолингвистикалык элементтер аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн, түшүнүктөрдү өз алдынча түзүү жөндөмүн жана тилди практикада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Андан тышкары, стилистикалык компоненттер киргизилип, окуучуларга сөздүн формасын, маанисин жана турмуштук колдонуу чөйрөсүн туура тандоо жөндөмү берилет. Натыйжада, бул методика кыргыз тил сабагын улуттук аң-сезимди калыптандыруучу, маданий баалуулуктарды сиңирген, коммуникативдик компетенцияны өнүктүргөн күчтүү педагогикалык система катары карап, тилди окуу процессинин борбордук куралына айлантат десек болот.

Бул иш методикалык жана теориялык жактан гана эмес, кеп маданияты жогору, улуттук баалуулуктарды урматтаган инсанды тарбиялоого да жол ачат. Натыйжада тил улуттун руханий дүйнөсүн жана инсандын интеллектуалдык өнүгүүсүн камсыздоочу негизги курал катары колдонулуп, кыргыз тили мугалимдери үчүн азыркы күндө баалуу методикалык эмгек болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы : окуу куралы. 1-бөлүк. – Бишкек : КББИ, 1996. – 69 б.
2. Крысько В. Г. Психология и педагогика : курс лекций. – Минск, 2007.
3. Мамбетакунов Э. Педагогикалык изилдөөлөр методологиясы жана технологиясы. – Бишкек : Техник, 2015.
4. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. – 2-бас. – Бишкек : Айат, 2008. – 304 б.
5. Синельников В. С. Таинственная сила слова. Формула любви. Как слова воздействуют на нашу жизнь. – Москва : Центрполиграф, 2008. – 256 с.
6. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Эстебесова П.С.

УДК 811.512.154:371.3
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-82-88

Жаманкулова А.Т.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Джаманкулова А.Т.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Jamankulova A.T.
KNU Jusup Balasagyn

А.ОСМОНОВДУН ДРАМАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА ЖОЖДОРДУН ОРУС ТИЛДҮҮ СТУДЕНТТЕРИНИН КЕБИН ӨСТҮРҮҮ
РАЗВИТИЕ РЕЧИ РУССКОЯЗЫЧНЫХ СТУДЕНТОВ ВУЗОВ НА ПРИМЕРЕ ДРАМАТИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ А. ОСМОНОВА
DEVELOPMENT OF SPEECH OF RUSSIAN-SPEAKING UNIVERSITY STUDENTS USING THE EXAMPLE OF DRAMATIC WORKS BY A. OSMONOV

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда А. Осмоновдун драмалык чыгармаларынын тексттери менен иштөө боюнча методикалык иш-чаралар берилген. Студенттер үн чыгарып окуу, комментарийленген окуу, пьесаны ролдорго бөлүштүрүп окуу, бир студенттин пьесанын бир бөлүгүндөгү бир нече каармандын өз ара пикир алышуусун көркөм окуусу сыяктуу окуу түрлөрүн өздөштүрүшөт. Драмалык чыгармалардын негизинде машыктыруучу көнүгүүлөрдү аткарып, тематикалык лексиканы колдонушат.